КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVIII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 5-октябры №246 Кара-Коо айылы

2026-жылдын 9 айында Ак-Терек айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнө жылдык пландан ашык түшкөн акча каражатын каroo жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын өкмөтүнүн 2026-жылдын 9 айында Ак-Терек айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнө салык агенти төлөөчү киреше салыгынан түшкөн 3527,0 миң сом жана кыймылсыз мүлккө салыктан 123,0 миң сом баардыгы 3650,0 миң сом жылдык пландан ашык түшкөн акча каражатын каroo жөнүндө маселе боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын чечими угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Аппараттын 2215 беренесине Көчмөндөр оюнуна меймандарды тосууга 100,0 миң сом, электриктин кызмат көрсөтүүсүн сатып алууга 100,0 миң сом каралсын.

2. Клубдардын 2215 беренесине Тоң районунун 90 жылдыгына 150,0 миң сом, карылар күнүнө 100,0 миң сом, Үркүндүн 110 жылдыгына 40,0 миң сом каралсын.

3. Мектептерге көмүр алууга 2224 беренесине 2200,0 миң сом, М.Жумаев орто мектебине электр мешин (печка, комфорка) алууга 3112 беренесине 100,0 миң сом каралсын.

4. ЖКХнын 2222 беренесине Калкагар айылындагы ФАПка көмүркана үчүн материал алууга 50,0 миң сом, айылдардагы көчөлөрдү оңдоп, түзөө жумуштарына күйүүчү майга 780,0 миң сом каралсын.

5. Бала бакчалардын 2222 беренесине Көл-Төр айылындагы №9 бала бакчага оюнчуктарды алууга 30,0 миң сом каралсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурековга милдеттендирилсин.

7. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

9.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner